**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды, маданият таануу жана искусство таануу илими боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеёештин *Аманова Роза Асановнанын* 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча искусство таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы» аттуу темада жазылган диссертациясынын**

# КОРУТУНДУСУ

**Комиссиянын курамы:**

**Төрага:** *Какеев А.Ч.* – КР УИАнын академиги, философия илимдеринин доктору;

**Мүчөлөрү:** *Аскаров Т.А.* – КР УИАнын мүчө-корреспонденти; *Садыков Э.С.* - философия илимдеринин доктору, профессор;

Изденүүчү *Аманова Роза Асановнанын* 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча искусство таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы» аттуу темадагы докторлук диссертациясын карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келишти:

**1. Диссертациялык кеңешке коргоо өткөрүү укугу берилген иштин адистигинин ылайык келүүсү.**

*Аманова Роза* 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча искусство таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы» аттуу темадагы докторлук диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Илимий иште кыргыз элинин оозеки салттагы профессионалдык музыкасына изилдөө жүргүзүлөт, ошондуктан **17.00.02 – музыкалык искусство** адистигинин паспортуна толук жооп берет.

**Диссертациянын негизги максаты** - кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствонун табиятын, стилдик өзгөчөлүгүн, маданияттагы ордун ачып берүү болуп эсептелет.

Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн төмөнкүдөй **милдеттери** аныкталган:

– оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствонун башатын иликтөө;

– кыргыздын салттуу музыкалык дүйнө бейнесинин өзгөчөлүгүн белгилөө;

– көчмөндөр дүйнөсүндөгү ааламдык түшүнүк контекстиндеги салттуу маданияттын ордун белгилөө;

– ритуалдык музыканын структуралык-символикалык системасынын өзгөчөлүгүн аныктоо;

– кыргыздын оозеки салттагы музыкасынын семантикасын талдоого алуу;

– кыргыздын оозеки салттагы музыкалык искусствосундагы «профессионалдуулук» маселесин изилдөө;

– оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусстводогу айтуучулук багытын иликтөөгө алуу;

– оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствонун аспапчылык багытын иликтөөгө алуу;

– оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусстводогу аваздык-аспапчылык багытынын аткаруучулуктагы спецификасы жана музыкалык стилистикасын талдоого алуу;

– аспапчылык өнөрдөгү, комузда *кол ойнотуунун орнаментикасын* жана *күү чертиш* таймашынын маани-маңызын аныктоо;

– салттуу профессионалдык музыкалык искусствонун психологиялык таасирин кароо.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп кыргыздын оозеки салттагы музыкасы, анын калыптаныш башаттары эсептелет.

**Изилдөөнүн предметин** кыргыздын оозеки салттагы музыкасы, анын калыптаныш башаты, салттуу музыкалык искусствонун багыттары түзөт.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети** 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин кылымдардан бери муундан-муунга, устаттан-шакиртке өтүп келе жаткан фольклор жана оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусство катмарларынын тутумунда жаралган салттуу музыкасы дүйнөлүк музыка казынасында өзгөчө орунда турат.

Дүйнө таануу процессинде этнос жана анын индивиддери өзү жашап жаткан дүйнөдө «өз ордун табуу» менен дүйнөнүн бейнесин жаратат. Дүйнө бейнеси кыргыздын салттуу музыкасында чагылдырылышын изилдөө обьект катары талдоо актуалдуу.

Этностун тарыхы, музыкалык жана поэтикалык мазмунду туюндурган материалдык эмес байлыгы жана руханий өзөк, маданий билимдер, чыгармачылык процесс, музыкалык чыгармалардын берилиши жана анын жалпы адамзаттык маданий эс тутумдагы орду ж.б. белгилер − салттуу музыканы жана маданиятты, дүйнө бейнесин, элдин дүйнөнү кабыл алуусун чагылдырат.

*Музыка* дүйнө бейнесинин структуралык маңызын түзүп, бүтүндөй сезим жана ой жүгүртүүнүн биримдигинде жаралган адам ишмердүүлүгүнүн руханий-эмоциялык тажрыйбасы болуп саналат. Кыргыздын оозеки салттагы

профессионалдык музыкасынын маани-маңызын, коомдогу ордун изилдөө аркылуу кыргыз маданиятынын тарыхын, калыптанышын, өнүгүшүн аныктоого болот.

**Изилдөөчү** дүйнө элдеринин салттуу маданиятка кызыгуусу артып, ааламдашуунун азыркы тенденциясында жана дүйнөнүн маданий интеграциясында дүйнөлүк цивилизациянын өзөгүн түзгөн салттуу маданиятты түшүнүү, сактоо муктаждыгы түзөрүн белгилеп, теманын актуалдуулугун аргументтештирип бере алган. Бул, албетте изденүүчү *Р.А. Аманованын* диссертациясынын темасынын актуалдуулугун тастыктап турат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү *Р.А.Аманованын* илимий изилдөөсү кыйла актуалдуу деп корутунду чыгарууга болот.

**3. Илимий жыйынтыктары.**

Илимий иште маданият таануу жана музыкалык искусство илимдеринин өнүгүүсү үчүн кыйла олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы илимий жалпыланган теориялык жыйынтыктар берилген:

**1-жыйынтык.** Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствосуна арналган атайын илимий иш азыркы мезгилге чейин жүргүзүлгөн эмес. Автор тарабынан бир катар илимий изилдөөлөр жалпыланып, илимий сереп жүргүзүлгөн (киришүү).

**2-жыйынтык**. Диссертациялык иште төмөндөгүлөр жүзөгө ашты:

– кыргыздын салттуу музыкалык дүйнө бейнесинин кыргыз маданият таануу илиминдеги орду ачылып берилди;

– көчмөндөр дүйнөсүндөгү ааламдык түшүнүк системасындагы салттуу маданияттын орду көрсөтүлдү;

**3-жыйынтык.**

–“устат-шакирт” системасынын мааниси талдоого алынды;

–“профессионалдуулук” түшүнүгүнүн маңызы ачылды;

**4-жыйынтык.**

– музыкалык аспаптар руханий маданияттагы феномен катары каралды;

– күү чертиш мелдешинин маани-маңызы ачылып берилди;

**5-жыйынтык.**

– ритуалдардагы музыканын структуралык-символикалык системасынын өзгөчөлүгү анализге алынды;

– комузда кол ойнотуу орнаментикасынын семантикасы анализге алынды;

–кыргыздын элдик-профессионалдык ырлары жана анын аткаруучулуктагы өзгөчөлүгү изилдөөгө алынды.

**4.Изденүүчүнүн диссертацияда берилген жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жалпылык жана негиздүүлүк деңгээли.**

Изилдөөдө алынган жыйынтыктар кыргыздын салттуу музыкасынын, кыргыз маданиятынын маселелери боюнча илимий-изилдөөчүлүк иште колдонууда, андан тышкары маданият таануу, музыка таануу, этномузыка таануу боюнча лекциялык, семинардык сабактарды өткөрүүдө, жалпы эле кыргыздын оозеки салттагы музыкалык искусствосу багытындагы башка эмгектерди жазууда жана иштеп чыгууда колдонууга болот.

Ошондуктан диссертант тарабынан алынган жаңы илимий жыйынтыктар, алардын негиздүүлүгү илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

**1-жыйынтык.** Автор тарабынан жалпылангандай, кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствосуна арналган атайын илимий иш азыркы мезгилге чейин жүргүзүлгөн эмес. Музыканын табияты – жалпы кабыл алынган философия, маданият таануу жана искусство таануу анализинен тышкары чыгып, өзгөчө полиморфизмге жана көп функционалдуулукка ээ. Байыркы билимдердин элементтеринин чегинде музыка дүйнө таанымдын зарыл маселелерине жооп табууга мүмкүн болгон маданий-тарыхый континуумду терең изилдөөгө негиз болуп саналат

**Изилдөнүн темасына байланыштуу жүргүзүлгөн терең анализдин натыйжасында алынган илимий ыкмалар колдонулгандыктан, аталган жобо комиссия тарабынан негиздүү деп табылды.**

**2-жыйынтык.** Музыкалык маданият – маданий, психологиялык, философиялык-эстетикалык, социалдык-саясий жана башка коомдук уюмдардын жана руханий жашоонун өзгөчө чагылышы болуп саналып, анын эволюциялык этаптары этникалык тарыхтын маанилүү учурлары менен шартталган. Маданиятты кеңири жайылган семиотикалык система деп алсак, музыканы жана музыкалык маданиятты аң-сезимдин, кабыл алуунун өзгөчөлүгүн, маданияттагы музыкалык маалыматты калыбына келтирүү жана берүүнү чагылдырган белгилүү бир музыкалык концептосфера катары чечмелөөгө болот.

**3-жыйынтык.** “Устат-шакирт” өнөрканасы аркылуу кийинки муунг жеткен аманатты сактоо менен замандаштарынын жашоосун чагылдырышкан өнөр ээлеринин чыгармалары өзү *салтка* айланып, б.а. салттуу музыкадагы жанрлардын пайда болушуна өбөлгө түзүп, маданиятты өзүнүн башаты, географиясы, этнографиялык, социалдык чөйрөсү менен аныктала турган *салтты* өзүнүн спецификалык түрүнө жана дүйнө бейнесине ээ кылды.

**4-жыйынтык.** Кыргыздын салттуу өнөр жарышы болгон *күү чертиштин* өзүнүн терең тарыхы бар болсо да, азыркы мезгилде жоголуп кеткен өнөрдүн катарында турушу өкүндүрбөй койбойт. Ушуга байланыштуу аны кайра калыбына келтирүү, жандандыруу үчүн тиешелүү чараларды колдонуу керек, андыктан кыргыз күүлөрүнүн жана күү чертиш өнөр жарышынын негиздерин изилдөө зарыл.

**5. Изденүүчүнүн диссертацияда берилген ар бир илимий (жоболорунун) жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык.** *Жаңы* болуп эсептелет, анткени буга чейин кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствосуна арналган атайын илимий иш азыркы мезгилге чейин жүргүзүлгөн эмес.

**2-жыйынтык.** *Жаңы* анткени кыргыздын салттуу музыкалык дүйнө бейнесинин кыргыз маданият таануу илиминдеги орду биринчи жолу ачылып берилген.

**3-жыйынтык.** *Жаңы,* анткени устат-шакирт” системасынын мааниси жана
“профессионалдуулук” түшүнүгүнүн маңызына алгачкылардан болуп илимий анализ берилди.

**4-жыйынтык.** *Жаңы,* музыкалык аспаптар руханий маданияттагы феномен катары жана күү чертиш мелдешинин маани-маңызына кыйла ынтаалык менен анализ жүргүзүлдү.

**5-жыйынтык.** *Жаңы,* ритуалдардагы музыканын структуралык-символикалык системасынын өзгөчөлүгү,комузда кол ойнотуу орнаментикасынын семантикасы,кыргыздын элдик-профессионалдык ырлары жана анын аткаруучулуктагы өзгөчөлүгү алгачкы жолу изилдөөгө алынды.

**6. Актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүү үчүн ички биримдиктин баасы жана алынган жыйынтыктардын багыттуулугу.**

***Р.А.Амановасынын*** **«Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы»** аттуу диссертациясынын жоболору өзүнө кыргыздардын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык маданиятына тийиштиги бар маселелердин комплекстүү изилдөөлөрүн камтып турат.

**Алынган жыйынтыктар бири-бири менен байланыштуу, практикалык сунуштар такталган теориялык жоболордо калыпка салынган.**

**Диссертация аталган маселе боюнча ички биримдике ээ болгон бир катар жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып турат, бул албетте автордун маданият таануу жана музыкалык искусство илимдерине кошкон жеке салымы туурасында маалымат берип турат.**

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Автордун жоболору жана корутундулары кыргыздын салттуу музыкасынын, кыргыз маданиятынын маселелери боюнча илимий-изилдөөчүлүк иште, андан тышкары маданият таануу, музыка таануу, этномузыка таануу боюнча лекциялык, семинардык сабактарды өткөрүүдө, жалпы эле кыргыздын оозеки салттагы музыкалык искусствосу багытындагы башка эмгектерди жазууда жана иштеп чыгууда колдонууга болот.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарык көрүүсүн тастыктоо.**

***Р.А. Амановасынын*** докторлук диссертациясында алынган илимий жыйынтыктары изденүүчүнүн төмөндөгү эмгектеринде жүзөгө ашкан:


1. Аманова Р. Социологические факторы сформировавшие Жумамүдүна Шералы уулу как носителя кыргызского народно-профессионального музыкального искусства // Материалы

науч.практ. конф. -Бишкек.: 2006. КГИИ им. Б.Бейшеналиевой С.83-86.,- 92с.

2. Аманова Р. Музыка тюркских народов: своеобразие и вопросы популяризации // Материалы науч.практ. конф.. Продюссерский Центр «Ел». -Астана.: 2010- 116с.
3. Аманова Р. Особенности инструментального сопровождения кыргызских народно-профессиональных песен // Материалы Межд. науч.практ. конф. -Алматы.: 2008. Национальная консерватория им.Курмангазы С.67-72,- 88с.
4. Аманова Р. К вопросу определения сущности и содержания традиции YY Материалы Межд. науч.практ.конф. -Алматы.: 2008. РЭЦК Ж..Елебекова С.17-21,- 275с.
5. Аманова Р. Методологические предпосылки изучения традиционной инструментальной музыки кыргызов // Материалы Межд. науч.практ.конф. Национальная консерватория им.Курмангазы. -Алматы.: 2014. С.145-148,- 280с.
6. Аманова Р. Носители традиционного песенного искусства// Журнал «Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук», №09 (68) Москва.: 2014 – С. 367-369.
7. Аманова Р. Особенности фактуры комузовых кюу YY Журнал «AUSTRIAN JOURNAL OF HUMANITIES AND SOCIAL SCIENCES», №7-8, Австрия.: 2014 – С.14-16.
8. Аманова Р. Инструмент и исполнитель в контексте традиционной культуры YY Журнал «Путь науки», №6, Волгоград.: 2014 – – С. 116-117.
9. Аманова Р. Полифункциональность акынского творчества как основа зарождения профессиональной лирической песни в кыргызской культуре YY Журнал "Наука и мир", №9 (13), Волгоград.: 2014 – С. 151-153.
10. Аманова Р. Традиция как трансцендентная сакральная истина. Культурная самобытность кыргызских традиций // СибАК, Научный журнал “Инновации в науке” №3 (64), Новосибирск.: 2017 – С.15-18.
11. Аманова Р. Традиционные музыкальные инструменты как феномен духовной культуры // СибАК, Научный журнал “Инновации в науке” №3 (64), Новосибирск.: 2017 – С.5-9.
12. Аманова Р. Мир музыки и картина мира (к постановке проблемы)YY Научная дискуссия: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии.сб.ст.по материалам LVII межд.науч.практ.конф.-№2 (53), Москва.: 2017 – С.20-30.,-102с.
13. Аманова Р. Жанровая природа кыргызских кюев для комуза (синкрезис музыки и языка жестов YY XLV Международной научно-практической конференции «Наука вчера, сегодня, завтра», № 4(38), Новосибирск.: 2017 – С. 5-11.

14. Аманова Р. Профессионализм устной традиции в кыргызской песенной культуре (история вопроса) // Материалы XXVIII Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: инновации в современном мире», №8 (28), Москва.: 2014 – С.124-128.

**9. Автореферадтын диссертациянын мазмунуна ылайык келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толугу менен ылайык келет. Автореферат орус жана англис тилдериндеги шайкештик резюмеге ээ.

**10. Жетектөөчү мекеменин, расмий оппоненттердин дайындалуусу тууралындагы сунуштардын негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү мекеме** катары Казахстан Республикасынын билим жана илим министрлигине караштуу илим комитетинин М.Ауэзов атындагы Адабият жана искусство институтунун Музыкалык бөлүмүн сунуштайт.

**Биринчи расмий оппонент** – изилдөө маселесине жакын эмгектери бар, искусство таануу илимдеринин доктору, профессор **Дүйшалиев К.Ш.** (автореферат боюнча адистиги: 17.00.02 –искусство таануу):

1. Кыргыз эл музыкасы. Окуу китеби. – Бишкек: Шам, 2007.-400б.

2.Традиционная музыка:теория и методика. Учебно-методическое пособие. – Бишкек, 2012.

3. Песенная культура кыргызского народа (Жанрово-исторический аспект) – Бишкек,1993

**Экинчи расмий оппонент** - изилдөө маселесине жакын эмгектери бар, искусство таануу илимдеринин доктору, профессор **Мухамбетова А.И.** (автореферат боюнча адистиги: 17.00.02 –искусство таануу):

1. Реинкарнация в тенгрианстве. Традиция в современной культуре и искусстве. Материалы научной конференции к 70-летию д.и.н., проф. А.И. Мухамбетовой, Алматы, 2012.

2. Казахский музыкальный язык как государственная проблема // Казахская традиционная музыка и XX век. – Алматы, 2013.

3. О традиционном казахском календаре // Этнокультурные традиции в музыке. -Алматы, 2014

**Үчүнчү расмий оппонент** - изилдөө маселесине жакын эмгектери бар, искусство таануу илимдеринин доктору, профессор **Абдуллаев Р.С**. (автореферат боюнча адистиги: 17.00.02 –искусство таануу).

1. Обрядовая музыка в контексте культуры Узбекистана и Центральной Азии – научн.ред.:док.иск.Н.С. Янов-Яновская. –Ташкент: 2006.-336с

2. Байсун: традиционная музыкальная культура. –Ташкент: ЮНЕСКО, 2006.-124

3. Календарно-песенная культура народов Центральной Азии Трансоксиана: история и культура. Москва, 2004.

Комиссия көрсөтүлгөн документтерди карап чыгуу менен **Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды, маданият таануу жана искусство таануу илими боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин *Аманова Роза Асановнанын* 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча искусство таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы» аттуу темада жазылган диссертациясын** кабыл алууну сунуш кылат.

***Комиссиянын төрагасы:***
**КР УИАнын академиги, ф.и.д.,**
**профессор** **А.Ч. Какеев**

***Комиссиянын мүчөлөрү:***
**КР УИАнын мүчө-корреспонденти,**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Т.А. Аскаров**

**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Э.С.Орозалиев**

Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктайм:
**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**у.и.к.** ______________ **Н.С. Акматова**